КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
«НУР» ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ

МАКУЛДАШЫЛДЫ
«Нур» Жалал-Абад колледжинин
усулдук кеңеши, прот. №_38_______
«_28.08_» _______________ 2018-жыл

БЕКИТЕМИН
«Нур» Жалал-Абад колледжинин
директору: З.Э. Матанбаева
_________________________________
«_28_» _август_ 2018-жыл.

# Дисциплиналардын/предметтердин жумушчу программалары жөнүндөгү ЖОБО

ЖАЛАЛ-АБАД 2018

**Жалпы жоболор:**

1. Ушул жобо «Нур» Жалал-Абад колледжинде (мындан ары – «Нур» ЖАК) окутулуп жаткан адистиктердин дисциплиналарынын жана предметтеринин жумушчу программаларын (мындан ары - ЖП) түзүү, бекитүү жана сактоо боюнча эрежелерин жөнгө салат.
2. Жумушчу программа – ар бир дисциплина жана предмет боюнча окутуучу тарабынан милдеттүү түрдө түзүлүүчү, өзүнө адистиктин мамлекеттик билим берүү стандартында жана НКББПсында ошол дисциплинага болгон минималдуу талаптарын, окутуунун максаттарын, күтүлүүчү наитыйжаларын, календардык-тематикалык планын камтыган уюштуруучулук-пландаштыруучу документ болуп эсептелинет.
3. Дисциплинанын жумушчу программасынын негизги маселеси болуп, окутуучу жылдык өз иштеринин аудитордук бөлүгүн аткарууда, студенттердин өздүк иштерин жетектөөдө, студенттерди окутууда, өнүктүрүүдө, тарбиялоодо жана аларда кесиптик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда, мамлекеттик билим берүү стандартында каралган минималдуу талаптарына жана окутуунун натыйжаларына жетүүдө өз ишмердүүлүгүн туура пландаштыруусу жана убакытта туура жайгаштыруусу болуп саналат.
4. Окутуучулар жумушчу программаларды түзүүдө иш берүүчүлөрдүн орто кесиптик деңгээлдеги адистерге болгон талаптарын, билим алуучулардын күтүүлөрүн, башка окуу жайлардын окутуучуларынын тажрыйбаларын жана дисциплинанын мазмунуна карата болгон илимдин акыркы теорияларын жана ачылыштарын эске алышат.
5. Окутуучулар замандын талабына жараша жыл сайын жумушчу программаларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизип турушат.
6. Окутуучулар тарабынан эки нускада түзүлгөн жумушчу программалар тийиштүү предметтик-циклдик комиссиялардын отурумдарында талкууланып, колдонууга сунушталат, директордун окуу иштери боюнча орун басары тарабынан бекитилет. Бир нускасы окуу бөлүмүнүн башчысында, экинчиси окутуучунун өзүндө сакталат.

**Жумушчу программанын структурасы**

Жумушчу программа өзүнө дисциплинаны окутуунун максаттарын, мазмунун, шарттарын, күтүлүүчү натыйжаларын, окутуунун технологияларын камтыйт, баалоонун жана мониторинг жүргүзүүнүн түрлөрүн уюштурууну жөнгө салуу менен, төмөнкү структурада түзүлөт:

1. Титулдук барак (тиркеме 1);
2. Дисциплинанын аннотациясы:
   а) жумушчу программаны иштеп чыгууда негиз болгон укуктук ченемдик акттар;
   б) дисциплинаны окутуу кимге даректелген (билим берүүнүн багыты, адистиги, курсу, бөлүнгөн сааты);
   в) дисциплинанын негизги кесиптик билим берүү программасында ээлеген орду, башка дисциплиналар жана предметтер менен болгон байланышы;
   г) дисциплинанын максаты;
   д) дисциплинаны окутуунун натыйжалары (ДОН);
   е) дисциплинанын структурасы (тиркеме 2).
3. КТП (тиркеме 3);
4. Компетенциялардын матрицасы (тиркеме 4кө ылайык);
5. Баалоо каражаттары;
6. Негизги жана кошумча адабияттар.
7. Кыскартылган сөздөрдүн сөздүгү (тиркеме 5)

**Тиркеме 1**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**“НУР” ЖАЛАЛ-АБАД КОЛЛЕДЖИ**

| СУНУШТАЛДЫ | БЕКИТИЛДИ |
|---|---|
| ________________ ПЦКнын № ____ отуруму | Директордун окуу иштери б.о.б.: |
| протокол №_________ , ПЦКнын төрагасы: | |
| ______________________ Сулайманов А.Т. | _______________ Ураимов А. Ж. |
| “______” ___________________ 2018-жыл. | “_____” ____________ 2018-жыл. |

## ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

**Дисциплина:** ______________________________

**Адистик:** 080106 Финансы (тармактар боюнча)

**Окутуунун түрү:** күндүзгү

**Кредит/саат:** 4/120

**Курс:** III ,

**Тайпа:** ___________

**Түзгөн окутуучу:** _________________________

| Семестр | Сабактын түрү жана сааты | | | | Өздүк иш | Жалпы сааты | Отчёттуулук |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | лекция-лык | практи-калык | лабора-тордук | семи-нардык | | | |
| VI | 28 | 32 | - | - | 60 | 120 | зачёт |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| **Жалпы** | 28 | 32 | - | - | 60 | **120** | |

Жумушчу программа 080106 Финансы (тармактар боюнча) адистигинин мамлекеттик билим берүү стандартынын жана “Нур” ЖАКтын окуу планынын негизинде түзүлдү.

**ЖАЛАЛ-АБАД- 2018**

**Тиркеме 2**

**_______________________ дисциплинасынын структурасы:**

| Бөлүмдүн № жана аталышы | Бөлүмдүн максаты, окутуунун натыйжасы | Бөлүмдүн саатты | | | | Бөлүмдүн жалпы сааты | Бөлүмдү окутууда калыпта-нуучу компетен-циялар | | Отчёттуулук |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Аудит. | | | СӨИ | | ЖК | КК | |
| | | лек. | практ. | лабор. | | | | | |
| 1. Чыгымдар жана чыгашалар, өздүк наркты калькуляциялоо | | | | | | | | | модуль |
| 2. Башкаруучулук эсеп системасындагы бюджеттештирүү | | | | | | | | | модуль |
| **Жалпы сааты** | | | | | | | | | зачёт |

Тиркеме 3

**Календардык-тематикалык план**

| Окуу жумасы | Теманын №, аталышы | Теманын максаты, окуутуунун натыйжасы (ОН) | Сабактын түрү, сааты | | Окуту-унун техно-логия-лары | СӨИнин темасы, окутуунун натыйжасы (ОН) | СӨИнин түрү, сааты | | Калыпта-нуучу компетен-циялар | | Адабияттар | Жалпы сааты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | лек. | прак. | | | ОКМ | ӨА | ЖК | КК | | |
| **VI семестр, 1-бөлүм. Чыгымдар жана чыгашалар, өздүк наркты калькуляциялоо** | | | **10** | **16** | | | | **24** | | | | **50** |
| 1 | 1. Башкаруучулук эсептин предмети жана маселелери | Максаты:<br>Кесиптик даярдоодогу башкаруучулук эсептин ролун жана ордун, дисциплинаны окутуунун методикаларын билип жана түшүнүп, дисциплинанын аткаруучу функцияларын жана чечүүчү маселелерин чечмелегенге үйрөтүү<br>ОН:<br>Башкаруучулук эсептин предметин, объектин, методдорун билет, | 2 | | ИА | Башкаруучулук эсептин пайда болуу себептери | | 2 | 1,5 | 2,5 | 1, 6,8 | 4 |
| 1 | | | 2 | 2 | Д | | | 4 | | | | 8 |
| 2 | 3. Чыгымдардын классификациясы – ишкананын чыгымдарын башкаруунун негизи катары | | 2 | | | | | 2 | | | | 4 |
| | 4. Чыгымдарды эсепке алуу | | | 2 | | | | 2 | | | | 4 |
| | | **Жалпы сааты:** | х | х | | | х | х | | | | **Х** |

Тиркеме 4

## Темаларда калыптандырылуучу компетенциялардын матрицасы

| Бөлүмдөр, теманын номери жана аталышы | Компетенциялар | | | | | | Компетен-циялардын жалпы саны |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ЖК-5 | ЖК-6 | ЖК-10 | КК-3 | КК-7 | КК-11 | |
| **1-бөлүм. Чыгымдар жана чыгашалар, өздүк наркты калькуляциялоо** | **6** | **4** | **2** | **8** | **7** | **1** | |
| 1. Башкаруучулук эсептин предмети жана маселелери | | | + | + | | | 2 |
| 2. Башкаруучулук эсеп – ишкананын менеджментинин инструменти катары | | | + | **+** | | | **2** |
| 3. Чыгымдардын классификациясы – ишкананын чыгымдарын башкаруунун негизи катары | | + | | **+** | | | **2** |
| 4. Чыгымдарды эсепке алуу | | | | + | + | | 2 |
| ……… | | | + | | + | | 2 |
| …………… | + | | | | + | | 2 |

**Тиркеме 5**

Кыскартылган сөздөрдүн сөздүгү

«Нур» ЖАК – «Нур» Жалал-Абад колледжи
НКББП – негизги кесиптик билим берүү программасы
ЖП – жумушчу программа
ЖК – жалпы компетенциялар
КК – кесиптик компетенциялар
СӨИ – студенттин өз алдынча аткаруучу иши
ОКМ – окутуучунун катышуусу менен аткарылуучу СӨИ
ӨИ – өз алдынча аткаруу иши
ДОН – дисциплинаны окутуунун натыйжалары
КТП – календардык-тематикалык план
СМС – сапат менеджментинин системасы
БКФ – баалоо каражаттар фонду